| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br>АЛТЫН-АРАШАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АЛТЫН-АРАШАН** |

**XXVIII-чакырылышынын кезектеги 2-сессиясы**

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын** 15 апрель **№** 8 **Октябрь а.**

**Алтын-Арашан айыл аймагыны Схематикалык картасын бекитип берүү жөнүндө**

Алтын-Арашан жергиликтүү Кенеш Алтын-Арашан айыл өкмөт башчысы Э.Кулетов Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде администрадивдик-аймактык рефома жүргүзүүнүн негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Ак-Суу райондук бөлүмү тарабынан түзүлгөн Схематикалык картасын бекитип берүү боюнча Алтын-Арашан айыл өкмөтүнүн башчысынын кайрылуусун карап чыгып, жана талкуулап Алтын-Арашан айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1.Алтын-Арашан айыл аймагынын схематикалык картасына жана ага тиркелген чек ара баяндамасына төмөндөгүлөрдү эске алуу менен бекитилсин:

-даярдалган административдик чектерин орнотуу долбор боюнча 14-ноябрь 1985-жылдагы сериясы Б№002596 санду Ак-Суу районунун «Алтын-Арашан» айыл аймагына караштуу болотурган **108,8-га** анын ичинде: №35 контур 6,8-га, №42 контур 22,3-га, 43 контур 20,1-га, №48 контур 14,7-га,№49 контур 36,1-га, №53 контурдагы 5,9-га жалпысынан 105,9-га сугат айдоо, жана №41 контурдагы 0,8-га, №46 контурдагы 2,1-га жайыт жер тилке Алтын-Арашан айыл аймагынын административтик териториясына киргизүүнү;

-Каракол шаарынын жетекчилиги менен Алтын-Арашан айыл аймагынын жетекчилигинин ортосунда болгон келишимдин негизинде №53 контурдагы сугат айдоо жер тилкенин ордуна Жолголот айылынын түндүк-чыгыш тарабындагы мурдагы ЗОСВИЛАР ишканасынын жеринен Жолголот айылынын тургундарына үлүшкө бөлүнгөн **31-га** сугат айдоо жер тилкесин Алтын-Арашан айыл аймагынын административтик териториясына киргизүүнү;

Жолголот айылынын түштүк тарабында айылдын таза суу мунарасы (водорезервуар) жайгашкан 1,66-га жер тилке, суу мунарасынын чыгыш тарабындагы 2,95-га үлүш жер, нефтебазанын түндүк тарабындагы 6,9-га үлүш жер тилкелер, кирпич заводунун түштүк тарбында жайгашкан 6-га үлүш жер тилкесин Алтын-Арашан айыл аймагынын административтик териториясына киргизилсин;

3.Жогоруда көргөзүлгөндүн негизинде аталган 157,31 га жер тилкени Ак-Суу районунун "Алтын-Арашан" айыл аймагына кошу менен Алтын-Арашан айыл аймагынын Схематикалык картасына жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берет.

4. Алтын-Арашан айылдык кеңешинин төрагасына жана Алтын-Арашан айыл өкмөтүнүн башчысына Схематикалык картага колкоюу тапшырылсын.

5. Бул токтомдун көчүрмөсү Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.

6. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүктү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Т.Т Иманалиев**

Жиберилди: Иш кагазына-1, РМА-1, Юстицияга-2.